# ПРЕЗИДЕНТ УКМК ЧЕК АРА КЫЗМАТЫНЫН УЧКУЧСУЗ УЧУУЧУ АППАРАТТАРЫНЫН БАЗАСЫН АЧТЫ



**КР президенти, өлкөнүн Куралдуу күчтөрүнүн башкы кол башчысы Садыр Жапаров Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин учкучсуз учуучу аппараттарынын базасын ачты. Бул тууралуу президенттин басма сөз кызматы билдирет.**

Чек арачылардын алдында сүйлөп жатып, мамлекет башчысы өлкөнүн тынчтыгы менен туруктуулугу чек арадан башталарын дагы бир жолу белгиледи.

"Мына ошондуктан Кыргызстандын чек ара коопсуздугун камсыздоо мамлекеттин артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп эсептелет. Биз чек арачыларыбыздын мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтүүгө бардык чараларды көрүүгө жооптубуз», - деди президент.

Ал өткөн жылы чек ара кызматы үчүн республикалык бюджеттин эсебинен биринчи жолу учкучсуз учуучу аппараттар сатылып алынганын эске салды.

Базанын ачылышы тууралуу сөз кылып, Садыр Жапаров ал чек араларды кайтарууда КР Куралдуу күчтөрүнүн жер үстүндөгү күчтөрү менен аскер бөлүкчөлөрүн абадан коргоо боюнча негизги милдеттерди аткарарын белгиледи.

Мамлекет башчысы чек аранын коопсуздугун камсыз кылууда материалдык базаны чындоого сатылып алынган техникалардын кужүрмөн мүмкүнчүлүктөрү өлкөнүн эгемендигин коргоо максатындагы машыгууларда гана колдонулат деген ишенимин билдирди.

"Мен ар дайым айтып келем – Кыргызстан тынчтыкты сүйгөн өлкө. Биздин куралдуу күчтөрүбүздү күчтөндүрүүгө болгон аракеттерибиз коргонууга гана багытталаарын баса белгилеп кетейин", - деп билдирди ал.

Президент аскер кызматкерлерин базанын ачылышы менен куттуктап, алар мамлекеттик чек араны кайтаруу жаатында калыптанган салтты татыктуу улантып, жоопкерчилик жана мекенчилдик сезимди бийик коюп, Мекен алдында ак кызмат өтөп жатышканын белгиледи.

"Биздин чек арабыз ишенимдүү колдо! Элибиздин ишеничи менен үмүтү сиздерге мындан ары дагы чоңчоң ийгиликтерди жаратууга дем болуп, күч-кубат берет деп ойлойм", - деди ал.

Президент Садыр Жапаров базанын инфраструктурасы жана мамлекеттик чек араны коргоодо сокку уруучу учкучсуз учактарды колдонуу менен кужүрмөн күзөттүн уюштурулушу менен таанышты.

Белгилей кетсек, "Байрактар" учкучсуз аппараттарын тийиштүү окууларды өтүп келген Чек ара кызматынын офицерлери башкарышат. Бул мамлекеттик чек араны абада кайтарууга алган офицер-чек арачылардын алдыңкы тобу.

## АКЫЛБЕК ЖАПАРОВ:
# «КЫРГЫЗСТАН АЙМАКТАГЫ БИЛИМ БЕРҮҮ КЛАСТЕРИН ТҮЗӨ АЛАТ»

Билимди экспорттоо – бул эркиндикти сүйгөн адамдардын экспорту. Кыргызстан аймактагы билим берүү кластери боло алат, бул эркин ой жүгүртүүчү коомдун экосистемасында мүмкүн. Бул тууралуу министрлер кабинетинин төрагасы Акылбек Жапаров «Улуттук инновациялык экосистеманы курууда университеттердин ролу» темасында өтүп жаткан Ректорлордун дүйнөлүк форумунда билдирди. багыттары болуп калышы керек. Бул сыяктуу платформаларда биздин илим-билимдин казынасы болгон жогорку окуу жайлары активдүү ролду ойношу керек», – деп белгиледи ал.

Акылбек Жапаров Кыргыз Республикасында билим берүүнүн экспорту оң динамикага ээ экенин билдирди.

«Өлкөнүн жогорку окуу жайларында билим алып жаткан студенттердин 30,5% ы – чет өлкөлүк жарандар. Анын ичинен 44 732 студент коңшу



мамлекеттерден (КМШ, Грузия, Балтика өлкөлөрү) келген жаштар. Бизде алыскы чет өлкөлөрдөн (Индия Республикасы, Пакистан Ислам Республикасы, Кытай Эл Республикасы) келген 25 792 студент бар. Студенттердин эң көп бөлүгү Индия, Пакистан жана Өзбекстандан келишет, алардын көбү медициналык билим берүү программаларында окушат. Бул үч өлкөнүн студенттеринен гана жылына орто эсеп менен 4 771 610 000 сом ЖОЖдорго түшөт», - деп белгиледи А.Жапаров.

«Биздин республикада жергиликтүү жана чет элдик IT-адистердин иштөөсү үчүн мыкты шарттар бар. Жыйынтыгында дүйнө жүзү санариптештирүүгө өтөт. Санарип – бул ылдамдык, бирок ал жаман колго тийбеши керек. 30 жыл мурда компьютер биздин чөнтөктө болот деп элестетүүгө мүмкүн эмес эле. Ооба, биз мүмкүнчүлүктөрдүн жана чакырыктардын катаал кесилишинде турабыз. Ошондуктан изилдөө, инновация жана өнүгүү келечекте университеттерди өнүктүрүүнүн негизги

# «АЛТЫНКЕН» ИШКАНАСЫ ЭЧ КИМДИ КЫЙЫНЧЫЛЫКТА КАЛТЫРБАЙТ

**«Алтынкен» ишканасы 2022-жылдын 12-сентябрында кезектеги кайрымдуулук акциясын өткөрдү. Ишкананын башкы директорунун туруктуу орун басары Ван Цамин баштаган ишкананын өкүлдөрү Кемин районунун Алмалуу айылындагы Токтогазиев Рустамдын үй-бүлөсүнө жардам көрсөтүү үчүн барышты.**



Рустам жубайы Адель экөө 2021-жылы жол кырсыгынан кийин майып болуп калышкан. Ал эки бутунан ажырап, Адель көптөгөн операцияларды башынан өткөргөн, балдак менен араң баса алат. Алар бүгүнкү күндө жардамга өтө муктаж болуп турушат. Учурда Рустам менен Аделдин ата-энеси, туугандары жардам көрсөтүп жатышат. Андан сырткары айылдаштары, достору, туугантуушкандарынын жардамы аркасында жашап, жакшылыктан үмүт кылып келишет. Алардын ден соолук үчүн күрөшкө стимул берген мектепке чейинки курактагы төрт баласы бар.

«Алтынкен» ишканасы тарабынан Токтогазиевдердин үй-бүлөсүнө 150 кг ун, 30 литр өсүмдүк майы, эки куту ар кандай мөмө-жемиштер жана 30 000 сом берилди.

Иш-чарага Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары Айгүл Курманалиева катышып, райондун калкына тынымсыз социалдык колдоо көрсөтүп келе жаткан ишканага ыраазычылык билдирди.

Рустам менен Адель «Алтынкен» ишканасы жана алардын үй-бүлөсүнүн тагдырына кайдыгер карабагандардын баарына ыраазычылык билдиришти.

«Алтынкен» ишканасы жардамга муктаж үй-бүлөлөргө дайыма кайрымдуулук иштерин жүргүзүп келген жана дагы уланта бермекчи.

**Нурзада АКМАТ**